УДК 37.047

**Сияев Т.М., Өзхан Аксу**

С. Нааматов атындагы НМУ профессору,

С. Нааматов атындагы НМУ аспиранты

## ОРТО МЕКТЕП ОКУУЧУЛАРЫ ҮЧҮН “УЗАРТЫЛГАН КҮН” БОРБОРЛОРУН УЮШТУРУУ

*Бул эмгекте орто мектеп окуучуларынын жеке менчик формадагы узартылган күн борборлоруна карата көз караштарын изилденген. Социологиялык изилдөөлөрдүн негизинде “узартылган күн” борборлорунун өзгөчөлүктөрү аныкталган.*

**Түйүндүү сөздөр:** *Сабактан тышкаркы окуу (этюд), узартылган күн борбору, орто мектептин окуучулары, окуучулардын көз карашы.*

**Сияев Т.М., Озхан Аксу**

Профессор НГУ им. С. Нааматова,

аспирант НГУ им. С. Нааматова

## ОРГАНИЗАЦИЯ “ПРОДЛЕННОГО ДНЯ” ДЛЯ УЧАЩИХСЯ СРЕДНИХ ШКОЛ

*В работе приведены мнения учащихся школ по организацию продленного обучения. На основе социологических исследований определены основные особенностей “продленного дня”.*

***Ключевые слова:*** *обучение после школы (этюд), продленный день, учащихся школ, мнения школьников.*

**T.M. Siyaev, Ozkhan Aksu**

professor, NSU. S. Naamatova,

graduate student of NSU. S.Naamatova

## ORGANIZATION OF "EXTENDED DAY" FOR STUDENTS OF SECONDARY SCHOOLS

*In this study, it is aimed to examine the views of middle school students about private tutoring centers and to determine whether these opinions differ according to gender and grade. The study was conducted in two stages.*

**Keywords:** *Private tutoring, private tutoring centers, middle school student, views of students.*

Тарбиялоо – кимдир-бирөөнүн жүрүш-турушунда жеке жашоосу аркылуу же болбосо атайылап бир өзгөрүүнү пайда кылуу процесси. Бул процесс инсан төрөлгөндөн тартып эле, жалпы билим берүү мектептеринде, ошондой эле ар кандай билим берүү курстарында (элдик билим берүү, жеке билим берүү мекемелери, жеке курстар, адистик боюнча курстар ж.б.) билим алып жатканда үзгүлтүксүз жүрүп турат. Тарбиялоонун максаты – илимий багытта билим берүү менен биргеликте, жакшы адамдарды, жакшы атуулдарды, жакшы өндүрүүчөлөрдү өстүрүү жана маданиятты жеткирүү.

Түркияда 2011-жылы пайда болуп, 2017-жылы кайрадан жабылуусу тууралуу чечим кабыл алынган жеке менчик узартылган күн борборлору боюнча талаш-тартыштар дагы деле болсо уланууда. Илимий ишибиздин максаты – орто мектеп окуучуларынын жеке менчик узартылган күн борборлоруна карата көз караштарын аныктоо. Изилдөөнүн натыйжасында, окуучулардын узартылган күн борборлоруна окуган сабактары боюнча мектептен тышкары кошумча билим алуу, мамлекеттик сынакка даярдануу максатында баргандыгы белгилүү болду. Билим берүү мекемелеринин (башталгыч жана орто мектептер, лицейлер) милдет жана жоопкерчиликтеринин ичинен эң негизгиси болуп, окуучуларды жогорку даражадагы окуу программаларында аныкталган максат жана милдеттерге жеткирүү иш-аракети эсептелет. Бирок, кээ бир себептерге байланыштуу мындай милдет жана максаттардын ишке ашпай калган учурларын да көп байкоого болот. Аталган себептердин катарына бир класста окуучулардын санынын абдан көп болушу, мектептеги окуу каражаттары менен материалдар, сабакты окуткан мугалимдин билим деңгээли жана окутуу сапаты, ошондой эле окуучунун жогорку класска өтүү учурундагы мамлекеттик сынактан жогорку баага жетүүгө умтулуусу сыяктуу факторлор кирип, ата-энелерди мектептен тышкары билим берүү жайларын издөөгө алып келүүдө. Мындай муктаждыкты орундата турган мекемелердин башында жеке менчик курстар (узартылган күн борборлору), башкача айтканда мектептен кийин окуучулар барып, үй тапшырмасын аткарып, кошумча сабактарды окуй турган жайлар турат. Түркия Республикасында 2011-жылы басылып чыккан Улуттук билим берүү министрлигинин Жеке менчик узартылган күн борборлору жөнүндөгү Нускамасына ылайык, «Жеке менчик узартылган күн борборлору» деп аталган курстар ачыла баштаган.

Жеке менчик узартылган күн борбору окуучулардын сабакка даярдануусуна, үй тапшырмаларын аткаруусуна жардам берген, алардын кызыгуусу, каалоосу жана жөндөмдүүлүктөрү боюнча ар түрдүү иш-аракеттерди жүргүзгөн жеке менчик билим берүү мекемеси катары эсептелбесе да, окуучуларга башталгыч класстан баштап жогорку класска чейин түрдүү предметтерди теориялык жана практикалык окутуу мүмкүнчүлүгүн бере алат. Билим берүү курстары менен катар, акыркы мезгилде пайда болуп жаткан «Узартылган күн борборлору» бул курстарга альтернативдик жеке менчик жана акча төлөп окутуучу ишмердүүлүктүн түрү катары эсептелет. Аталган борборлор айрыкча ата-энеси эртеден кечке чейин жумушта болгон же эки жерде окуган балдарга арналып ачылган. Бирок, кеңири жайылуусу менен, алардын иш-аракеттеринин багыты да көбөйө баштаган. Бул борборлордун негизги максаты болуп, окуучунун кээ бир сабактар боюнча жетишүүсүн жогорулатуу, үй тапшырмаларын аткаруусуна жардам берүү жана мамлекеттик сынактарга даярдоо эсептелет [1,2]. Түркия Республикасынын «Жеке менчик билим берүү мекемелер жөнүндөгү» №5580 мыйзамында орун алган «Окуучулардын узартылган күн борборлору» деген сөздөр алып салынып, ордуна «Социалдык активдүүлүк борборлору» деген аталыш киргизилген.

Түркияда аткарылган кээ бир изилдөөлөр жогорку окуу жайларга тапшыруу сынактарында аталган мекемелерде билим алган окуучулардын башка окуучуларга караганда жогорку жетишкендиктерге ээ болуп жаткандыгын көрсөтүүдө [3]. Өзгөчө, сынактарда мындай мекемелерден кошумча билим алган окуучулардын билим сапатынын кыйла жогору экендиги да байкалып турат. Муну менен бирге, Түркиядан тышкары дүйнө жүзүнүн көптөгөн өлкөлөрүндө мектепте берилген билимге алымсынбаган үй-бүлөлөр өз балдарынын

билим алуусуна кошумча көмөк көрсөтүү максатында альтерантивдик жолдорду колдонуп келишет.

Европа мамлекеттери баш болуп, бүтүндөй дүйнө жүзүндө кошумча билим берүү мекемелеринин ишмердүүлүгүнө муктаждык бар. Германия, АКШ, Англия жана Франция сыяктуу мамлекеттерде узартылган күн борборлоруна окшош жайлар көп учураганы менен, алар Түркия, Алыскы Чыгыш жана Азия өлкөлөрүндөгүдөй кеңири жайылган эмес. Мунун башкы себептеринин катарына аталган мамлекеттерде билим берүү процессинин ичиндеги этаптардын ортосунда натыйжалуу иш-аракеттин болгондугу, багыттоонун узак мөөнөттүк болуусу жана альтернативдик билим алуу мүмкүнчүлүктөрүнүн, айрыкча кесиптик билим берүүгө багыттоодо ийгиликтүү ишке ашырылуусу сыяктуу факторлор кирет.

Окуучулардын академиялык жетишкендиктерин жогорулатууну жана социалдык жактан колдоо көрсөтүүнү максат кылган узартылган күн борборлору окуучунун да, ата-эненин да жүгүн бир кыйла жеңилдетүүдө деп айтсак жаңылышпайбыз. Азыркы күндө, эртеден кечке чейин жумушта жүргөн ата-энелердин балдары сабактан кийин үйүнө барып ата-энеси келгиче жалгыз отурат жана убактысынын баарын компьютердин же телевизордун алдында өткөрүп, пайдасыз иштер менен алектенгендигин танууга болбойт. Мындан сырткары, ата-эне жана баланын үй тапшырмаларан кечинде аткаруулары тийиштүү натыйжага алып келбегендиги да белгиленүүдө [4]. Бул аныктама боюнча, мугалимдер билимди берген жана окуучуларга жеткирген жак катары эмес, окуу процессинде окуучуларга жол көрсөткүч жоопкерчилигин аркалаган инсан катары сыпатталат. Бирок, мектепте бир класстагы окуучулардын санынын абдан эле көп болуусу, сабактардын көптүгү, программадан артта калбоо аракеттери сыяктуу себептерден улам, күтүлгөн билим берүү деңгээлине жетүү кыйынга турууда. Мындай абалда узартылган күн борборлорун альтернативдик чечим катары сыпаттоого болот.

Узартылган күн борборлорун ачуу муктаждыгы мындай мекемелерде бир класста жалпы билим берүүчү мектептердин класстарына салыштырмалуу окуучулардын санынын кыйла аз болушу, колдонулган окуу материалдарынын көптүгү, окуучу менен мугалим үзгүлтүксүз байланышта болуп турууларı, андан да сапаттуу билим алууну көздөө жана мектептерде берилген билим сапатынын мамлекеттик сынактардын деңгээлине карата жетишсиздиги сыяктуу себептерден улам келип чыккандыгын божомолдоого болот.

Узартылган күн борборлору тууралуу жаралган пикирлердин негизинен улуу кишилерге таандык экендиги, мындай окуу жайларына барган окуучулардын эмес, алардын ата-энелеринин көз караштары боюнча келип чыккандыгы байкалат. Бирок, муну менен бирге, узартылган күн борборлоруна баруу тууралуу чечим окуучулардын өздөрүнө таандык экендигин да белгилей кетүүбүз зарыл.

Илимий иштин максаты – орто мектептерде жана лицейлерде окуган окуучулардын жеке менчик формадагы узартылган күн борборлору тууралуу көз караштарын изилдөө жана жыныстык жана класстык өзгөчөлүктөр боюнча мындай пикирлердин ортосунда айырмачылыктын бар же жок экендигин аныктоо.

Бул максатта төмөнкүдөй суроолорго жооп берүү көздөлөт:

1. Орто мектептин жана лицейдин окуучуларынын узартылган күн борборлору тууграсында көз караштары кандай?

2. Орто мектептин жана лицейдин окуучуларынын узартылган күн борборлору тууграсында көз караштары жыныстык өзгөчөлүктөрүнө жараша айырмаланып турабы?

3. Орто мектептин жана лицейдин окуучуларынын узартылган күн борборлору туурасында көз караштары класстык деңгээлине жараша айырмаланып турабы?

Изилдөө методу боюнча аткарылган ишибиз эки этапта ишке ашырылды. Биринчи этапта Стамбул областындагы узартылган күн борборунда 2016-2017-окуу жылында билим алган 50 окуучуга алардын ой-пикирин билүүгө багытталган суроолорду камтыган анкета жүргүзүлдү. Экинчи этапта болсо, анкетадан алынган маалыматтарды колдонуп баалоо формасы даярдалды жана ал боюнча окуучулардын ой-пикирлерине баа берилди.

Изилдөөнүн үлгү тобун 2016-2017-окуу жылында Түркиянын Ризе областындагы узартылган күн борборунда окуган 6-7-класстардын 57 окуучусу, Чайели районундагы узартылган күн борборунда окуган 5-6-7-класстардын 45 окуучусу, ошондой эле Стамбул областынын Күчүкчекмеже районундагы узартылган күн борборунда окуган 6-7-класстардын 48 окуучусу болуп, жалпы жонунан 150 окуучу түздү. Үлгү топту аныктоодо максатка алынган топко жетүү кыйынчылыгы эске алынып, муну жеңилдетүү жолу негиз катары алынган. Иштин алгачкы этабына катышкан 50 окуучу жогоруда аталган 150 окуучудан турган үлгү топко кирбейт. Үлгү топтун бөлүштүрүлүшү **1-таблицада** көрсөтүлгөн:

**1-Таблица. Үлгү топтун жыныстык жана класстык өзгөчөлүктөрүнө карай бөлүштүрүлүшү**

| | **Кыз** | | **Эркек** | | **Бардык** | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **окуучу** | **%** | **окуучу** | **%** | **окуучу** | **%** |
| **5-класс** | 13 | 86.7 | 2 | 13.3 | 15 | 100.0 |
| **6-класс** | 24 | 46.2 | 28 | 53.8 | 52 | 100.0 |
| **7-класс** | 38 | 45.8 | 45 | 54.2 | 83 | 100.0 |

Анкетада окуучуларга узартылган күн борборлорун тандоо себептери, алардын бул мекемелер тууралуу ой-пикирлери жана башка суроолор берилген. Айрыкча, орто мектептер менен лицейлердин окуучуларынын узартылган күн борборлору туурасында көз караштарын билүү максатында окуучулар өздөрү жооп бере турган суроолордон түзүлгөн анкета берилген. Анкета 2016-2017-окуу жылында Стамбул областындагы узартылган күн борборлорунун биринде окуп жаткан 50 окуучуга жүргүзүлгөн. Анкеталык сурамжылоонун натыйжасында алынган маалыматтардын негизинде 28 пункттан турган «Узартылган күн борборлору тууралуу көз караштарды баалоо шкаласы» түзүлүп, 28 пункт «Маанилүүлүк», «Зарылчылык», «Күтүүлөр» жана «Кызыкчылык» деп аталган төрт бөлүмгө ажыратылган.

Баалоо шкаласы «Сөзсүз кошулам» - «5», «Кошулам» - «4», «Орточо деңгээлде кошулам» - «3», «Кошулбайм» - «2» жана «Таптакыр кошулбайм» - «1» түрүндө даражаларга ажыратылган.

Илимий иштин жүрүшүндө алынган натыйжалар - окуучулардын узартылган күн борборлору тууралуу көз караштарын баалоо шкаласынын максатына ылайык берген жоопторунун пайыздык көрсөткүчтөрү **2-таблицада** берилген.

**2-Таблица. Узартылган күн борборлорун тандап алуу себептеринин пайыздык бөлүштүрүлүшү**

**Пункттар**

| Узартылган күн борборуна… | | (1) | (2) | (3) | (4) | (5) | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Сапаттуу билим алуу үчүн барам. | 5.3 | 0.7 | 2.0 | 24.7 | 67.3 | |
| 2. | Мамлекеттик сынактардан жогорку баа алуу үчүн | | 8.0 | 4.0 | 4.7 | 11.3 | 72.0 |
| 3. | Классташтарыма караганда жакшы баа алуу үчүн | | 16.7 | 16.7 | 8.7 | 26.0 | 31.0 |
| 4. | Тесттин техникаларын үйрөнүү үчүн барам | | 4.0 | 9.3 | 15.3 | 36.0 | 35.3 |
| 5. | Бош убактымды туура пайдалануу үчүн барам | 24.7 | 18.0 | 17.3 | 18.7 | 21.3 | |
| 6. | Көздөгөн лицей  университетке өтүү үчүн барам. | | 4.7 | 1.3 | 6.0 | 16.0 | 72.0 |
| Орточо | | 10.6 | 8.3 | 9.0 | 22.1 | 49.9 | |

2-таблицада окуучулардын көбү «Көздөгөн лицей же университетке өтүү үчүн барам» деген пункт боюнча «Кошулам» жана «Сөзсүз кошулам» деген жоопторду бергендиги байкалып турат. Ал эми, окуучулар ушул эле «Кошулам» жана «Сөзсүз кошулам» деген жоопторду «Мамлекеттик сынактардан жогорку баа алуу үчүн барам» деген пункт боюнча дагы бергендигин көрүүгө болот. Дагы бир пунктту карай турган болсок, «Сапаттуу билим алуу үчүн барам» деген пункт боюнча окуучулардын көпчүлүк бөлүгү «Кошулам» жана «Сөзсүз кошулам» деген жоопторду беришкен.

Түркиянын окуучуларына берилген «Узартылган күн борборуна баруундун себеби эмнеде?» деген суроо боюнча дагы төмөнкүдөй пункттардын варианттары сунушталган:

1. Узартылган күн борборунда өзүмдү бактылуу сезген үчүн, аталган жайга барам.
2. Узартылган күн борбору кызыктуу болгон үчүн барам.
3. Үй-бүлөмдө бардыгы жумушта болгондуктан, алар менин сабактарыма жардам бере алышпайт. Ошондуктан узартылган күн борборуна барам.
4. Сабактарымды кайталап, кемчиликтерди оңдоо максатында барам.
5. Мугалимдер көбүрөөк көңүл бургандыктан, узарытлган күн борборуна барам.
6. Мектептеги досторум барган үчүн барам.
7. Үйдө жалгыз сабак окуп, тапшырма аткара албагандыктан, узартылган күн борборуна барам.
8. Мектепте түшүнбөй калган сабактарды өздөштүрүү максатында барам.
9. Сурап-билүү кызматынан сынактар тууралуу маалымат алуу мүмкүнчүлүгү болгондугунан улам барам.
10. Түрдүү техникалар боюнча окуткандыктан, узартылган күн борборуна барам.
11. Чөйрөмдөгү балдардын бардыгы барган үчүн барам.
12. Үй-бүлөм сабактарыма жардам бере албагандыктан, узартылган күн борборуна барам.
13. Жетишпеген сабактарымды өздөштүрүү максатында барам.
14. Билим берүүдөгү максаттарыма жетүү үчүн барам.
15. Апамдын каалоосу боюнча барам.
16. Сабактан ийгиликке жетише албагандыгым үчүн барам.
17. Мектепте окуган сабактарымды жетишсиз деп эсептегендиктен узартылган күн борборуна барам.
18. Борбордогу класстарда мектептегиге караганда окуучулардын саны аз болгон үчүн барам.

Изилдөө ишибизде окуучулар тарабынан берилген жоопторду карап чыкканыбызда, алардын «Күтүүлөр» багытында сапаттуу билимге ээ болуу жана мамлекеттик сынактардан

жогорку баага жетүү максатында узартылган күн борборуна баруу боюнча пикирге кошулгандыгы байкалып турат. Иштин биринчи бөлүгүндө орун алган окуучулардын жеке оюн билүүгө арналган суроолор боюнча «Бош убактымды туура пайдалануу үчүн барам» деген жооп негизинен ата-энеси кечке чейин жумушта жүргөн окуучулар тарабынан белгиленген. Себеби, ата-энеси жумуш иштеген окуучулардын көпчүлүк бөлүгү, үйдө жалгыз калуусуна жол бербөө жана ата-энесинин каалоосу боюнча мындай борборлорго бара тургандыгы анкетанын жыйынтыктарынын негизинде аныкталды. Илимий эмгектердин арасында биздин ишибизге окшош эмгекте окуучулардын узартылган күн борборлоруна барууларынын эң башкы себеби катары, үй-бүлө эсептелери айтылган [4].

Жеке менчик сектордун субъектилери окуучулар менен үй-бүлөсүнүн тилектерин курстарды жана узартылган күн борборлорун ачуу жолу аркылуу орундатууга аракет кылышууда. Изилдөө ишинде окуучулардын узартылган күн борборлору тууралсында ой-пикирлеринин жыныстык өзгөчөлүктөргө жараша айырмаланбай тургандыгы аныкталды. Окуучулардын көбү билим алуудагы максаттарына жетүү, ошондой эле жетишпеген сабактарын жакшылап өздөштүрүү максатында мындай окутуу борборлоруна барып жаткандыгы белгилүү болду. Бирок, бул көрсөткүч абдан эле төмөн. Сабактардан ийгиликке жетише албагандыгы, ошондой эле мектепте берилген билим сапатын жетиштүү деп эсептебегендиги үчүн барган окуучулардын саны болсо, көңүл бурулуусу керек болгон деңгээлде экендигин айта кетмекчибиз.

Жеке менчик узартылган күн борборлорунда эмгектенген мугалимдердин ою боюнча, окуучулар негизинен класста окуучулардын көптүгү, сабакты угууда кыйынчылыктар жаралгандыгы, мектепте өтүлгөн материалдардын мамлекеттик сынактарды ийгиликтүү тапшыруу үчүн жетишсиз болгондугу, ошондой эле окуу программаларынын мамлекеттик сынакта берилчү суроолорго ылайык түзүлбөгөндүгү үчүн бул типтеги билим берүү мекемелерине келип окушат. Ата-энелердин өз балдарын узартылган күн борборлоруна жиберүүсүнүн негизги себептеринин катарында мындай мекемелердин окуучуда сабакка карата кызыгууну жогорулатуу, жалпы билим берүүчү мектептерде бир класстын ичинде окуучулардын санынын көп болуусуна байланыштуу сабакты тийиштүү түрдө угуп, өздөштүрө албагандыгы, мектепте окутулган сабактардын мамлекеттик сынак системасы үчүн жетишсиз болгондугу сыяктуу факторлор орун алган.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Аккоюнлу, Б. Билим берүүдөгү технологиялык өнүгүүлөр. Анкара, 1998.
2. Б.Өзер Заманбап билим берүүдө жаңы технологиялар. Эскишехир, Анатолия университетинин басылмалары, 1998.
3. Окур, М. жана Дикижи, Р. Жеке менчик мектептер менен мамлекеттик мектептердин декарттык көбөйтүндү, аналитикалык тегиздик жана катыш боюнча билим менен жөндөмдүүлүктөргө үйрөтүү деңгээлдеринин бааланышы /*Кастамону педагогикалык журналы, 2004, 12*(2), 417-426.
4. Шимшек, Х. жана Шимшек, С. Үй-бүлөнүн өзгөрүүсү жана жоопкерчилигине байланыштуу узартылган күн борборлорун кайрадан карап чыгуу /*Кастамону педагогикалык журналы, 201523*(1), 365-384.


**Рецензент: фил. и.д., проф. Бекбалаев А.А.**